**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**5-класс**

| | |
|---|---|
| **Оң жактагы текстти окугула.**<br>***1-тапшырма.***<br>Автоунааны ижарага алуу күнүнө 800 сом, жана ага ар бир басып өткөн километри үчүн 30 сом кошулат.<br>Кайсы туюнтма автоунааны ижарага алуу үчүн төлөмдү аныктайт?<br>**Бир туура жоопту тандагыла:**<br>А) (875+800)·5<br>Б) 800·5+875·30<br>В) (800+875)·30<br>Г) 800+875·30 | **Автоунааны ижарага алуу**<br>Нияз 5 күндүк экскурсияга автоунааны ижарага алып, аны менен 875 км жол жүрдү.<br> |

| | |
|---|---|
| **Оң жактагы текстти окугула.**<br>***2-тапшырма.***<br><br>Автоунаанын багына 60 литр бензин бата турган болсо, ага канча жолу бензин куюу керек?<br>**Бир туура жоопту тандагыла:**<br>А) 1 жолу<br>Б) 2 жолу<br>В) 3 жолу<br>Г) 4 жолу | **Автоунааны ижарага алуу**<br>Ижарага алынган унаа 100 километрге 12 литр бензин сарптайт.<br>Нияз 875 км жолду ижарага алган машина менен басып өткөн.<br> |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***

Нияз бүткүл экскурсияга тамак-ашка, бензинге канча суммадан көп эмес акча коротууну пландаган?

**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:**

**Автоунааны ижарага алуу**

Экскурсияны пландаштырып жатканда Нияз 5 күн жолдо болуп, жалпысынан 800 км жол басып өтөм деп ойлогон. Ал күнүнө тамак-ашка 650 сомдон ашык эмес, 100 литрден ашпаган бензин коротууну пландаган . Бир күндүк экскурсияда тамак-ашка 625 сом коротуп, бензиндин литри 70 сомдон болгон.

